**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№1(7)/2026, 142-154

**УДК: 17.022.1:316.42**
**DOI:** 10.52754/16948823_2026_1(7)_15

# САЛТТУУ ЖАНА ЗАМАНБАП КООМДОГУ АДИЛЕТТҮҮЛҮК: ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН МИСАЛЫНДА

# СПРАВЕДЛИВОСТЬ В ТРАДИЦИОННОМ И СОВРЕМЕННОМ ОБЩЕСТВЕ: НА ПРИМЕРЕ ФЕРГАНСКОЙ ДОЛИНЫ

# JUSTICE IN TRADITIONAL AND MODERN SOCIETY: THE CASE OF THE FERGANA VALLEY

**Кочкорова Динара Аширбаевна**
*Кочкорова Динара Аширбаевна*
*Kochkorova Dinara Ashirbaevna*

**ф.и.к., доцент И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекттик университети**
*к.ф.н., доцент Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева*
*Ph.D., Associate Professor Kyrgyz State University named after I. Arabaev*
dkochkorova@mail.ru
ORCID ID: 0009-0007-3022-9008

# САЛТТУУ ЖАНА ЗАМАНБАП КООМДОГУ АДИЛЕТТҮҮЛҮК: ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН МИСАЛЫНДА

**Аннотация**

Макалада адилеттүүлүк түшүнүгүнүн салттуу жана заманбап формалары Фергана өрөөнүнүн социалдык-маданий контекстинде комплекстүү талдоого алынат. Изилдөөдө салт, адат жана каадага негизделген адилеттүүлүк моделинин өзгөчөлүктөрү, ошондой эле жамааттык жоопкерчилик, аксакалдар институту жана моралдык нормалар аркылуу ишке ашуусу каралат. Эмпирикалык материалдардын негизинде Кыргызстан, Өзбекстан жана Тажикстандын аймагындагы жергиликтүү практикалар талданып, бейформал адилеттүүлүк механизмдеринин актуалдуулугу көрсөтүлөт. Глобалдашуу шартында формалдуу укуктук системалардын күчөшү, миграция процесстери жана чек аралык конфликттер адилеттүүлүк түшүнүгүнүн трансформациясына алып келери негизделет. Макалада салттык жана заманбап адилеттүүлүк моделдеринин өз ара аракеттенүүсү карама-каршылыктуу, бирок өз ара толуктоочу мүнөзгө ээ экени белгиленет. Автор салттык баалуулуктарды сактоо менен бирге, адам укуктарына каршы келген элементтерди кайра карап чыгуу зарылдыгын негиздеп, интеграцияланган адилеттүүлүк моделин сунуштайт.

***Ачкыч сөздөр:*** адилеттүүлүк, салт, адат укугу, жамааттык жоопкерчилик, аксакалдар соту, махалла, Фергана өрөөнү, социалдык трансформация.

## *СПРАВЕДЛИВОСТЬ В ТРАДИЦИОННОМ И СОВРЕМЕННОМ ОБЩЕСТВЕ: НА ПРИМЕРЕ ФЕРГАНСКОЙ ДОЛИНЫ*

**Аннотация**

В статье рассматриваются традиционные и современные формы справедливости в социально-культурном контексте Ферганской долины. Особое внимание уделяется анализу традиционной модели справедливости, основанной на обычаях, традициях и моральных нормах, а также таким институтам, как суд аксакалов, махалля и механизмы коллективной ответственности. На основе эмпирических данных из Кыргызстана, Узбекистана и Таджикистана показана роль неформальных механизмов регулирования социальных отношений. Обосновывается, что процессы глобализации, включая усиление формальных правовых институтов, миграцию и трансграничные конфликты, приводят к трансформации представлений о справедливости. Делается вывод о том, что традиционные и современные модели справедливости находятся в сложном взаимодействии, сочетающем элементы противоречия и взаимодополнения. Автор подчеркивает необходимость интеграции данных моделей с учетом универсальных прав человека и локальных социокультурных особенностей..

***Ключевые слова:*** справедливость, традиция, обычное право, коллективная ответственность, суд аксакалов, махалля, Ферганская долина, социальная трансформация.

## *JUSTICE IN TRADITIONAL AND MODERN SOCIETY: THE CASE OF THE FERGANA VALLEY*

**Abstract**

This article examines the concept of justice in both traditional and modern forms within the socio-cultural context of the Fergana Valley. It analyzes the traditional model of justice based on customs, norms, and moral values, highlighting institutions such as the aksakal courts, mahalla structures, and mechanisms of collective responsibility. Drawing on empirical evidence from Kyrgyzstan, Uzbekistan, and Tajikistan, the study demonstrates the continued relevance of informal justice systems in regulating social relations. It is argued that globalization processes, including the strengthening of formal legal institutions, labor migration, and cross-border conflicts, significantly transform the understanding of justice in the region. The paper concludes that traditional and modern models of justice coexist in a complex and often contradictory relationship, yet they also complement each other. The author proposes an integrative approach that combines universal human rights principles with local socio-cultural practices.

***Keywords:*** : justice, tradition, customary law, collective responsibility, aksakal courts, mahalla, Fergana Valley, social transformation

**Киришүү**

Азыркы доордо глобалдашуу процесси коомдук өнүгүүнүн негизги факторлорунун бири катары социалдык түзүлүштөргө, маданий баалуулуктарга жана адамзаттын дүйнөтаанымына терең таасирин тийгизүүдө. Айрыкча көп улуттуу жана көп маданияттуу аймактарда бул процесстер салттуу коомдук институттардын трансформацияланышына алып келип, коомдук жөнгө салуунун негизги принциптеринин кайра каралышына шарт түзүүдө. Мындай шартта адилеттүүлүк түшүнүгүнүн мазмуну жана анын коомдук турмуштагы ролу өзгөчө илимий кызыгууну жаратат.

Фергана өрөөнү тарыхый жактан этникалык жана маданий ар түрдүүлүгү менен айырмаланган аймак болуп саналат. Бул жерде салттуу социалдык жөнгө салуу механизмдери узак убакыт бою коомдук мамилелерди туруктуу кармап келген. Бирок глобалдашуу процесстеринин күчөшү, урбанизация, миграциялык агымдар жана маалыматтык технологиялардын кеңири жайылышы салттуу баалуулуктар системасына олуттуу өзгөрүүлөрдү алып келүүдө. Натыйжада адилеттүүлүк түшүнүгүнүн салттуу формалары менен заманбап укуктук жана универсалдуу принциптеринин ортосунда жаңыча өз ара байланыштар калыптанууда.

Маселенин илимий иштелүү деңгээли көрсөткөндөй, адилеттүүлүк түшүнүгү философиялык адабияттарда кеңири каралган. Классикалык жана заманбап философияда бул категория ар кандай: моралдык, социалдык жана укуктук өңүттөрдө талданат. Ошол эле учурда акыркы изилдөөлөрдө адилеттүүлүк жана социалдык теңдик маселелери глобалдашуу шартында жаңыча мазмунга ээ болуп жаткандыгы белгиленет [Molla et al., 2024, p. 18]. Бирок салттуу коомдордогу адилеттүүлүк түшүнүгүнүн трансформациясы, айрыкча Фергана өрөөнүнүн мисалында, жетиштүү деңгээлде системалуу философиялык талдоого алынбай келет. Бул жагдай изилдөөнүн актуалдуулугун аныктайт.

Ушуга байланыштуу изилдөөнүн негизги максаты катары салттуу коомдогу адилеттүүлүк түшүнүгүнүн философиялык мазмунун талдоо жана глобалдашуу шартында анын трансформациясынын негизги багыттарын Фергана өрөөнүнүн мисалында кароо аныкталды.

Коюлган максатка жетүү үчүн төмөнкү милдеттер белгиленди: адилеттүүлүк түшүнүгүнүн философиялык негиздерин системалаштыруу; салттуу коомдогу адилеттүүлүктүн өзгөчөлүктөрүн аныктоо; Фергана өрөөнүндөгү салттык социалдык жөнгө салуу механизмдерин талдоо; глобалдашуу факторлорунун адилеттүүлүк түшүнүгүнө тийгизген таасирин кароо; салттык жана заманбап адилеттүүлүк моделдеринин өз ара байланышын жана трансформациялык тенденцияларын негиздөө.

Изилдөөнүн объектиси катары Фергана өрөөнүндөгү салттуу коом каралат. Ал эми изилдөөнүн предметин салттуу коомдогу адилеттүүлүк түшүнүгү жана анын глобалдашуу шартында өзгөрүү процесси түзөт.

Изилдөөнүн теориялык-методологиялык негизин социалдык философиянын, маданий философиянын жана саясий философиянын концепциялары түзөт. Изилдөөдө тарыхый-логикалык ыкма, салыштырма талдоо, системалык ыкма жана герменевтикалык ыкма колдонулду. Тарыхый-логикалык ыкма адилеттүүлүк түшүнүгүнүн эволюциясын ачууга мүмкүндүк берсе, салыштырма талдоо салттык жана заманбап моделдердин

айырмачылыктарын аныктоого шарт түзөт. Системалык ыкма адилеттүүлүктү коомдук мамилелердин комплекстүү элементи катары кароого мүмкүндүк берет, ал эми герменевтикалык ыкма салттуу нормалардын жана баалуулуктардын ички маңызын түшүндүрүүгө багытталган.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы Фергана өрөөнүнүн мисалында адилеттүүлүктүн салттык жана заманбап моделдеринин өз ара аракеттенүүсү философиялык деңгээлде системалуу түрдө талдангандыгы менен аныкталат. Мындан тышкары, адилеттүүлүк түшүнүгүнүн трансформациясынын негизги тенденциялары аныкталып, салттык баалуулуктар менен заманбап укуктук принциптердин синтези мүмкүн экендиги негизделет.

Изилдөөнүн теориялык мааниси адилеттүүлүк түшүнүгүн универсалдуу жана локалдык контексттердин айкалышында кароонун зарылдыгын негиздөө менен тушүндүрүлөт. Практикалык мааниси болсо коомдогу социалдык гармонияны камсыз кылуу, жарандык биримдикти бекемдөө жана салттык баалуулуктарды сактоо менен заманбап өнүгүүнүн ортосунда тең салмактуулукту табууга багытталган сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берүүдө көрүнөт.

Изилдөөнүн жыйынтыктары

Адилеттүүлүк түшүнүгү философиялык билимдин өзөктүк категорияларынын бири болуп эсептелип, ал моралдык, укуктук жана саясий философиянын кесилишинде калыптанган татаал концепция катары мүнөздөлөт. Бул түшүнүк коомдук мамилелердин легитимдүүлүгүн баалоодо, социалдык тартипти негиздөөдө жана адамдардын иш-аракеттеринин адептик критерийлерин аныктоодо универсалдуу методологиялык функция катары кызмат өтөйт. Ошондуктан адилеттүүлүккө болгон философиялык мамиле ар дайым коомдун түзүлүшүнө, баалуулук системасына жана тарыхый өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө жараша өзгөрүп турган.

Философиянын тарыхында адилеттүүлүк түшүнүгүнүн калыптанышы антикалык доордон башталат. Антикалык философияда адилеттүүлүк көбүнчө коомдук тартиптин жана моралдык гармониянын негизи катары каралган. Аристотель адилеттүүлүктү “жалпы” жана “өзгөчө” формаларга бөлүп, анын коомдогу функциясын тактоого аракет кылган. Адилеттүүлүк Аристотель тарабынан эки негизги түргө – бөлүштүрүүчү жана теңдештирүүчү адилеттүүлүккө бөлүнөт. Бөлүштүрүүчү адилеттүүлүк коомдук ресурстарды статус, эмгек же салым сыяктуу критерийлер боюнча бөлүштүрүүгө байланыштуу болсо, теңдештирүүчү адилеттүүлүк адамдар ортосундагы мамилелерде тең салмактуулукту калыбына келтирүүгө багытталган [1, 156-б.]. Бул классификация бүгүнкү күндө да адилеттүүлүк теорияларынын методологиялык негизи катары сакталууда.

Андан кийинки философиянын өнүгүү тарыхында адилеттүүлүк түшүнүгү моралдык универсализмдин алкагында каралып, адамдардын теңдиги жана укуктары маселеси менен байланышта өнүккөн. Заманбап философияда адилеттүүлүк концепциясынын борборунда теңдик принциби турат. Бул тууралуу философиялык энциклопедиялык булактарда адилеттүүлүк менен теңдик өз ара ажырагыс байланышта каралары белгиленет, анткени адилеттүүлүк көп учурда “тең адамдарга тең мамиле кылуу” принциби аркылуу түшүндүрүлөт [16]. Мындай ыкма адилеттүүлүктү формалдык жана мазмундук деңгээлдерде талдоого мүмкүндүк берет.

XX кылымдын экинчи жарымынан баштап адилеттүүлүк теориялары жаңы сапаттык деңгээлге көтөрүлүп, коомдук институттардын иштешин баалоонун негизги критерийине айланган. Бул багытта Джон Ролз тарабынан иштелип чыккан адилеттүүлүк теориясы өзгөчө мааниге ээ. Ал адилеттүүлүктү “социалдык институттардын биринчи артыкчылыгы” катары аныктап, коомдун негизги түзүмү адилет принциптерге ылайык уюшулушу керек экенин негиздейт [17]. Ролз сунуш кылган “тең мүмкүнчүлүктөр” жана “айырмачылык принциби” адилеттүүлүктүн заманбап интерпретациясынын өзөгүн түзөт. Бул принциптерге ылайык, социалдык теңсиздиктерге жол берилет, бирок алар коомдогу эң начар абалдагы катмарлардын абалын жакшыртууга багытталган болушу керек [18].

Заманбап философиялык дискурста адилеттүүлүк түшүнүгү бир гана бөлүштүрүү маселеси менен чектелбестен, социалдык мамилелердин сапатын мүнөздөгөн категория катары да каралууда. Айрым изилдөөчүлөр адилеттүүлүктү адамдардын ортосундагы өз ара таануу, урматтоо жана тең макам принциптерине негизделген социалдык байланыштар аркылуу түшүндүрүшөт. Бул ыкма адилеттүүлүктүн реляциялык (мамилелик) мүнөзүн ачып, аны институционалдык гана эмес, күнүмдүк социалдык практикалар менен да байланыштырууга мүмкүндүк берет.

Акыркы жылдардагы изилдөөлөр адилеттүүлүк түшүнүгүнүн көп деңгээлдүү жана комплекстүү мүнөзүн баса белгилейт. Биздин социалдык адилеттүүлүк жана теңдик маселелерине арналган эмгегибизде бул түшүнүктүн онтологиялык, аксиологиялык жана социалдык-практикалык аспекттери өз ара байланышта каралат. Мындай ыкма адилеттүүлүктү бир эле теориялык модель менен чектебестен, аны ар кандай коомдук контексттерде ар башкача ишке ашкан динамикалык система катары түшүнүүгө мүмкүндүк берет [9, 20-б.].

Ошентип, философиялык анализ көрсөткөндөй, адилеттүүлүк түшүнүгү универсалдуу мазмунга ээ болгону менен, анын конкреттүү формалары ар дайым тарыхый жана маданий шарттарга көз каранды. Бул жагдай адилеттүүлүктү изилдөөдө универсалдуу теориялар менен катар локалдык коомдук тажрыйбаларды да эске алуу зарылдыгын шарттайт. Дал ушундай ыкма салттуу коомдордогу адилеттүүлүк түшүнүгүнүн өзгөчөлүктөрүн жана анын өзгөрүү логикасын түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Салттуу коомдордо адилеттүүлүк түшүнүгүн түшүнүү үчүн, эң оболу анын негизин түзгөн салт, адат жана каада сыяктуу социалдык-маданий категорияларды талдоо зарыл. Бул түшүнүктөр формалдуу укуктук системалар калыптана электе эле коомдук мамилелерди жөнгө салуунун негизги механизмдери катары кызмат кылган. Ошондуктан салттуу коомдогу адилеттүүлүк көбүнчө мыйзам аркылуу эмес, дал ушул жазылбаган нормалар аркылуу ишке ашкан.

Илимий адабияттарда “салт” түшүнүгү муундан муунга өтүп келген, коом тарабынан таанылган жана колдоого алынган жүрүм-турум үлгүлөрүнүн жыйындысы катары аныкталат. Ал эми “адат” көбүнчө күнүмдүк турмушта калыптанган, кайталоо аркылуу бекемделген жүрүм-турум формаларына тиешелүү. “Каада” болсо белгилүү бир социалдык кырдаалдарда (мисалы, нике, талаш-тартыш, мурас бөлүштүрүү) аткарылуучу тартиптерди билдирет. Бул үч категория өз ара тыгыз байланышта болуп, коомдук тартипти сактоонун интеграцияланган системасын түзөт.

Кыргыз коомунун мисалында бул нормалар “адат укугу” деген түшүнүк менен байланышта каралат. Изилдөөчүлөр белгилегендей, адат укугу формалдуу мыйзамдардан айырмаланып, жамаат тарабынан түздөн-түз иштелип чыгып, ошол эле жамаат тарабынан көзөмөлдөнөт. Мындай система адилеттүүлүктүн формалдуу эмес, бирок социалдык жактан легитимдүү моделин түзөт.

Ошентип, салттуу коомдордо адилеттүүлүк түшүнүгү формалдуу укуктук нормаларга караганда кеңири социалдык жана маданий негизге ээ экендигин белгилөөгө болот. Бирок бул системанын иштешин толук түшүнүү үчүн анын реалдуу коомдук практикадагы көрүнүштөрүн кароо зарыл. Айрыкча Фергана өрөөнүндө адилеттүүлүк көп учурда жазылган мыйзамдар аркылуу эмес, конкреттүү социалдык кырдаалдарда ишке ашкан чечимдер аркылуу көрүнөт.

Салт, адат жана каада коомдук мамилелерди жөнгө салууда практикалык деңгээлде кантип иштээрин Кыргызстандагы айылдык коомдордун мисалында ачык байкоого болот. Мисалы, Ош облусунун айрым айылдарында жер тилкелерине байланышкан талаш-тартыштар көбүнчө мамлекеттик сотко жетпей эле жергиликтүү аксакалдардын катышуусунда чечилет. Тараптар өз далилдерин келтирип, күбөлөр угулгандан кийин, улуулар “адилеттүү” деп эсептеген чечим чыгарышат. Бул чечим көбүнчө жазылган мыйзамга эмес, “ким канча жылдан бери пайдаланган”, “кимдин эмгеги көбүрөөк” сыяктуу моралдык жана практикалык критерийлерге негизделет. Мындай практикалар адилеттүүлүктүн формалдуу эмес, бирок социалдык жактан кабыл алынган моделин көрсөтөт [6, 5-б.].

Ушуга окшош көрүнүштөр Баткен облусунун чек арага жакын аймактарында да байкалат. Айрыкча суу бөлүштүрүүгө байланышкан маселелерде айылдар ортосунда чыңалуу жаралганда, жергиликтүү аксакалдар жана коомдук лидерлер ортомчу болуп, компромистик чечимдерди табууга аракет кылышат. Мисалы, суу жетишсиз болгон мезгилде кезектешип пайдалануу, же убактылуу чектөөлөрдү киргизүү сыяктуу чечимдер кабыл алынат. Бул жерде адилеттүүлүк “тең бөлүштүрүү” эмес, “макулдашылган тең салмак” катары түшүнүлөт.

Фергана өрөөнүнүн өзбек бөлүгүндө махалла институту аркылуу адилеттүүлүк кандай ишке ашарын карасак, бул жерде да формалдуу укуктук нормалар менен катар салттык механизмдер үстөмдүк кылат. Мисалы, үй-бүлөлүк конфликттерде (ажырашуу, мурас бөлүштүрүү, үй-бүлөлүк зомбулук маселелеринде) тараптар бир топ учурда сотко кайрылбастан, махалла комитетине кайрылышат. Комитеттин мүчөлөрү адатта махалладагы кадыр-барктуу тургундардан түзүлүп, эки тарапты угуп, жараштыруу жолдорун издешет. Практика көрсөткөндөй, көпчүлүк учурларда тараптар сот чечимине караганда махалланын сунушун кабыл алууга көбүрөөк даяр болушат, анткени ал коомдук абийир менен байланышкан [3, 60-б.].

Тажикстандын Фергана аймагында да ушуга окшош механизмдер бар. Айрыкча чек арага жакын айылдарда жер жана жайыт маселелери боюнча талаштар чыккан учурда, эки тараптын аксакалдары жолугушуп, сүйлөшүү жүргүзүшөт. Мындай сүйлөшүүлөрдө негизги максат – юридикалык жактан “кимдики туура” экенин аныктоо эмес, конфликттин күчөп кетишине жол бербөө болуп саналат. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, айрым учурларда мындай бейформал сүйлөшүүлөр расмий мамлекеттик деңгээлдеги сүйлөшүүлөргө караганда тезирээк жана натыйжалуу жыйынтык берет [12, 212-б.].

Салттуу адилеттүүлүктүн жамааттык мүнөзү күнүмдүк турмуштагы өз ара жардам берүү практикаларында да ачык көрүнөт. Кыргыз коомунда кеңири тараган “ашар” салты мунун айкын мисалы болуп саналат. Мисалы, үй куруу, талаа иштери же башка оор жумуштарда айыл тургундары биригип, акысыз жардам көрсөтүшөт. Бул жерде адилеттүүлүк эмгекке жараша төлөм алуу эмес, жамааттын ар бир мүчөсүнө колдоо көрсөтүү аркылуу ишке ашат. Мындай практика Өзбекстандын айрым аймактарында “хашар” деген аталышта, Тажикстанда болсо жамааттык жардам формасында сакталып калган.

Ошол эле учурда аксакалдар институтунун реалдуу ишмердүүлүгүн карасак, анын адилеттүүлүк системасындагы ролу өтө маанилүү экендиги байкалат. Кыргызстанда жүргүзүлгөн талаа изилдөөлөрү көрсөткөндөй, аксакалдар соттору негизинен майда жарандык жана үй-бүлөлүк талаштарды карап, тараптарды жараштыруу функциясын аткарат. Мисалы, коңшулар ортосундагы талаш, карыз маселелери же үй-бүлөлүк чыр-чатактар көп учурда ушул деңгээлде чечилет. Бул процессте негизги көңүл жазалоого эмес, социалдык мамилелерди сактоого бурулат.

Бирок бул системанын терс жактарын да белгилөө зарыл. Изилдөөлөрдөгү маалыматтар көрсөткөндөй, айрым учурларда аксакалдар соттору гендердик теңсиздикти кайталап, аялдардын кызыкчылыктарын жетиштүү деңгээлде коргой албайт. Мисалы, үй-бүлөлүк зомбулук учурларында “үй-бүлөнү сактоо” принциби курмандыктын укуктарынан жогору коюлушу мүмкүн. Мындай көрүнүштөр салттык адилеттүүлүктүн чектөөлөрүн ачык көрсөтөт.

Ошентип, изилдөөлөр көрсөткөндөй, салттуу коомдогу адилеттүүлүк жандуу, иштеп турган система болуп саналат. Ал конкреттүү кырдаалдарда, адамдардын ортосундагы мамилелерде жана жамааттык практикада ишке ашат. Бирок ошол эле учурда бул система универсалдуу эмес, анын ички карама-каршылыктары жана чектөөлөрү бар. Айрыкча глобалдашуу шартында бул карама-каршылыктар күчөп, салттык жана заманбап адилеттүүлүк моделдеринин ортосундагы тең салмак маселеси актуалдуу болуп калууда.

Глобалдашуу шартында салттуу коомдордогу адилеттүүлүк түшүнүгү олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болууда. Бул өзгөрүүлөр Фергана өрөөнүндө өзгөчө татаал мүнөзгө ээ, анткени бул аймак бир эле учурда үч мамлекеттин: Кыргызстан, Өзбекстан жана Тажикстандын укуктук, саясий жана маданий системаларынын кесилишинде жайгашкан. Натыйжада адилеттүүлүк түшүнүгү бирдиктүү эмес, көп катмарлуу жана кээде карама-каршылыктуу мазмунга ээ болуп калууда.

Глобалдашуу процессинин негизги таасирлеринин бири – бул формалдуу укуктук системалардын күчөшү. Постсоветтик мамлекеттерде мыйзам үстөмдүгүн орнотуу аракеттери адилеттүүлүктү институционалдык негизде камсыз кылууга багытталган. Кыргызстанда, Өзбекстанда жана Тажикстанда сот системасы, прокуратура жана башка укуктук институттар акырындап реформаланып, жарандардын укуктарын коргоонун негизги механизми катары каралууда. Бул процесс адилеттүүлүктүн универсалдуу стандарттарын киргизүүгө шарт түзөт.

Бирок практика көрсөткөндөй, формалдуу укуктук системалар дайыма эле жергиликтүү калктын ишенимине ээ боло бербейт. Мисалы, Кыргызстандын түштүк аймактарында жарандардын бир бөлүгү мамлекеттик сотко кайрылууну акыркы чара катары гана карашат. Себеби сот процесси узак, чыгымдуу жана бюрократиялык тоскоолдуктарга

толгон деп кабыл алынат. Мындай шартта адамдар көбүнчө аксакалдар сотуна же бейформал ортомчуларга кайрылууну туура көрүшөт. Бул көрүнүш адилеттүүлүкт формалдуу жана бейформал түрүндөгү эки башка модели параллелдүү жашап жатканын көрсөтөт [12, 214-б.].

Фергана өрөөнүнүн өзбек бөлүгүндө да ушуга окшош тенденция байкалат. Махалла институту расмий мыйзамдык системанын бөлүгү катары каралганына карабастан, анын ишмердүүлүгү көбүнчө бейформал мүнөзгө ээ. Мисалы, үй-бүлөлүк талаштарда же социалдык конфликттерде махалла өкүлдөрү мыйзамдык нормаларды так сактоодон көрө, жамааттык гармонияны сактоого артыкчылык беришет. Натыйжада адилеттүүлүк укуктук эмес, социалдык категория катары ишке ашат [3, 62-б.].

Глобалдашуу менен байланышкан дагы бир маанилүү фактор – бул эмгек миграциясы. Фергана өрөөнүнүн калкынын чоң бөлүгү Россия жана башка өлкөлөргө эмгек мигранты катары чыгып кеткен. Бул процесс салттуу жамааттык байланыштардын алсырашына алып келүүдө. Мисалы, үй-бүлө башчысынын жоктугу айрым учурларда ички конфликттердин күчөшүнө жана аларды салттык жол менен чечүү мүмкүнчүлүгүнүн азайышына себеп болууда. Ошол эле учурда миграция жаңы баалуулуктарды алып келип, жеке укуктарга болгон көңүлдү күчөтүүдө. Бул болсо салттык жамааттык адилеттүүлүк моделине каршы келген тенденцияларды жаратат [4, 150-б.].

Фергана өрөөнүндө адилеттүүлүктүн трансформациясына эң күчтүү таасир эткен факторлордун бири – бул чек ара жана ресурс маселелери. Акыркы жылдары Кыргызстан менен Тажикстандын ортосунда болгон чек ара жаңжалдары мунун ачык мисалы болуп саналат. Бул конфликттерде эки тарап тең өз позициясын “адилеттүү” деп негиздөөгө аракет кылышат, бирок алардын түшүнүктөрү бири-бирине дал келбейт. Мисалы, кыргыз тарап көбүнчө тарыхый пайдалануу жана жергиликтүү тургундардын муктаждыктарына басым жасаса, тажик тарап административдик чек аралар жана юридикалык документтерге таянат. Натыйжада бир эле “адилеттүүлүк” түшүнүгү эки башка интерпретацияга ээ болуп, конфликтти чечүүнү татаалдаштырат [8, 175-б.].

Мындай кырдаалдарда бейформал механизмдердин ролу дагы деле маанилүү бойдон калууда. Айрым учурларда чек ара аймактарындагы жергиликтүү жамааттар өз алдынча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, убактылуу макулдашууларга жетишишет. Мисалы, суу пайдалануу же жайыт маселелеринде кезектешүү принциптери колдонулат. Бирок бул чечимдер туруктуу эмес жана саясий деңгээлде бекемделбегендиктен, узак мөөнөттүү натыйжа бербейт.

Автордук позициядан караганда, глобалдашуу салттык адилеттүүлүк системасын толук жок кылган жок, бирок аны терең трансформацияга дуушар кылды. Бул трансформациянын оң жана терс жактары бар. Оң жагынан алганда, формалдуу укуктук системанын күчөшү адам укуктарын коргоого шарт түзөт жана адилеттүүлүктүн универсалдуу стандарттарын киргизет. Бирок терс жагынан алганда, бул процесс салттык коомдордогу социалдык байланыштарды алсыратуу менен коштолууда.

Мындан тышкары, салттык адилеттүүлүк системасынын өзү да идеалдуу эмес. Анын ичинде субъективдүүлүк, гендердик теңсиздик жана социалдык иерархия элементтери бар. Глобалдашуу ушул кемчиликтерди ачыкка чыгарып, аларды кайра карап чыгууга түрткү берүүдө. Бирок бул процесс дайыма эле тең салмактуу жүрбөйт. Айрым учурларда формалдуу

мыйзамдар менен салттык нормалардын кагылышы укуктук вакуумга же социалдык чыңалууга алып келет.

Ошентип, Фергана өрөөнүндө адилеттүүлүк түшүнүгүнүн трансформациясы бир багыттуу эмес, көп векторлуу процесс болуп саналат. Ал салттык нормалардын сакталышы, заманбап укуктук принциптердин кириши жана саясий факторлордун таасири аркылуу калыптанууда. Бул шартта адилеттүүлүктүн эффективдүү модели универсалдуу жана локалдык принциптердин тең салмактуу айкалышын талап кылат.

Белгиленгендей, Фергана өрөөнүндө адилеттүүлүк түшүнүгүнүн трансформациясы салттык жана заманбап моделдердин параллелдүү жашоосуна алып келди. Бирок бул эки системанын жөн гана катар жашашы жетишсиз, анткени алардын ортосундагы карама-каршылыктар көп учурда социалдык чыңалууну күчөтөт. Ошондуктан бүгүнкү күндө негизги маселе – бул моделдерди кандайча интеграциялоо, башкача айтканда, алардын артыкчылыктарын айкалыштырып, кемчиликтерин минималдаштыруу болуп саналат.

Салттык адилеттүүлүк системасынын негизги артыкчылыгы – анын коомго жакындыгында жана социалдык легитимдүүлүгүндө. Ал адамдардын күнүмдүк жашоосуна терең сиңип, формалдуу мыйзамдар жетпеген деңгээлде социалдык мамилелерди жөнгө салууга жөндөмдүү. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, Борбор Азия өлкөлөрүндө бейформал институттарга болгон ишеним мамлекеттик институттарга караганда айрым учурларда жогору бойдон калууда [13, 245-б.]. Бул жагдай салттык механизмдерди толугу менен четке кагуу натыйжасыз болорун көрсөтөт.

Ошол эле учурда төмөндөгүнү белгилөө зарыл: заманбап укуктук система адилеттүүлүктүн универсалдуу принциптерин, башкача айтканда, мыйзам алдында теңдикти, адам укуктарын коргоону жана процедуралык адилеттүүлүктү камсыз кылууга багытталган. Бул принциптер салттык системада дайыма эле сакталбайт. Айрыкча гендердик теңчилик, балдардын укуктары жана социалдык жактан алсыз топтордун кызыкчылыктары көбүнчө жетишсиз корголот. Ушуга байланыштуу изилдөөчүлөр бейформал адилеттүүлүк системалары адам укуктарынын стандарттары менен шайкеш келиши керек экенин белгилешет [10, 32-б.].

Фергана өрөөнүнүн практикасында бул эки моделдин өз ара аракеттенүүсүнүн ар кандай формалары байкалат. Мисалы, Кыргызстанда аксакалдар соттору расмий укуктук системанын бир бөлүгү катары таанылганы менен, алардын ишмердүүлүгү көбүнчө салттык нормаларга негизделет. Бул гибриддик модель бир жагынан жергиликтүү легитимдүүлүктү сактап калса, экинчи жагынан укуктук системанын алкагында иштөөгө мүмкүнчүлүк берет. Бирок мындай интеграция толук кандуу эмес жана көп учурда формалдуу талаптар менен салттык практиканын ортосунда карама-каршылыктар пайда болот. Мына ушул жагдайды эске алып, КРда 2002-жылдан бери иштеп келген «Аксакалдар соттору жөнүндөгү» мыйзам [14] 2024-жылы жаңыланып, аксакалдар сотторунун ишин заманбап талаптарга ылайыкташтырган [15].

Өзбекстандагы махалла системасы да интеграциянын өзгөчө формасын көрсөтөт. Махалла институту мамлекеттик башкаруу структурасынын бир бөлүгү катары каралганы менен, анын ишмердүүлүгү жергиликтүү салттарга жана социалдык нормаларга негизделет. Айрым изилдөөлөрдө махалла “гибриддик башкаруу институту” катары мүнөздөлүп, ал

мамлекеттик саясат менен коомдук баалуулуктардын ортосунда ортомчу ролду ойной турганы белгиленет [5, 154-б.].

Тажикстанда болсо бейформал жана формалдуу институттардын ортосундагы байланыш салыштырмалуу алсызыраак, бул айрым учурларда укуктук вакуумга алып келет. Чек ара аймактарында конфликттерди жөнгө салууда мамлекеттик механизмдер жетишсиз болгон учурда, жергиликтүү жамааттар өз алдынча чечим кабыл алууга аргасыз болушат. Бул болсо адилеттүүлүктүн бирдиктүү стандарттарынын жоктугун көрсөтөт.

Биздин пикирибизде салттык жана заманбап адилеттүүлүк системаларын жөн гана "айкалыштыруу" жетишсиз. Бул жерде принципиалдуу маселе – кайсы элементтер сакталууга тийиш жана кайсылары трансформацияланышы керек деген суроодо жатат. Салттык системанын социалдык байланыштарды сактоого багытталган аспекттери, мисалы, жараштыруу, медиация жана жамааттык жоопкерчилик, сөзсүз сакталууга тийиш. Бирок адам укуктарына каршы келген гендердик теңсиздик, авторитардык чечим кабыл алуу, социалдык иерархияга негизделген артыкчылыктар сыяктуу элементтер кайра каралышы зарыл.

Бул контекстте "калыбына келтирүүчү адилеттүүлүк" концепциясы өзгөчө мааниге ээ. Ал салттык адилеттүүлүк системаларына жакын болуп, ошол эле учурда заманбап укуктук принциптер менен шайкеш келүүгө мүмкүндүк берет. Бул модель конфликтти жазалоо аркылуу эмес, тараптарды жараштыруу жана социалдык байланыштарды калыбына келтирүү аркылуу чечүүнү сунуштайт [2, 11-б.]. Фергана өрөөнүнүн шартында мындай ыкма өзгөчө натыйжалуу болушу мүмкүн, анткени бул аймакта жамааттык байланыштар жогору деңгээлде азыркы күнгө чейин сакталган.

Ошол эле учурда интеграция процессине саясий факторлор да олуттуу таасир этет. Фергана өрөөнүндө мамлекеттер аралык мамилелер адилеттүүлүк моделдеринин калыптанышына түздөн-түз таасир этет. Эгерде мамлекеттер ортосунда ишеним деңгээли төмөн болсо, анда адилеттүүлүктүн бирдиктүү принциптерин иштеп чыгуу кыйынга турат. Бул болсо регионалдык деңгээлде интеграцияны татаалдаштырат.

Ошондуктан Фергана өрөөнү үчүн адилеттүүлүктүн эффективдүү модели төмөнкү принциптерге негизделиши керек:

- салттык институттарды толук жокко чыгарбоо, аларды реформалоо;
- адам укуктарынын универсалдуу стандарттарын сактоо;
- бейформал жана формалдуу механизмдердин ортосунда ачык байланыш түзүү;
- регионалдык деңгээлде (Кыргызстан–Өзбекстан–Тажикстан) диалог механизмдерин күчөтүү.

Жыйынтыктап айтканда, салттык жана заманбап адилеттүүлүк системаларынын интеграциясы жөнөкөй техникалык маселе эмес, бул терең философиялык жана социалдык проблема. Ал баалуулуктардын, нормалардын жана кызыкчылыктардын кагылышын камтыйт. Фергана өрөөнүнүн мисалында бул процесс өзгөчө татаал формада жүрүп, адилеттүүлүктүн жаңы, гибриддик моделдеринин калыптанышына алып келүүдө. Бирок бул моделдердин туруктуулугу жана натыйжалуулугу алардын канчалык деңгээлде тең салмактуу жана инклюзивдүү экендигине көз каранды.

## КОРУТУНДУ

Изилдөөдө адилеттүүлүк түшүнүгүнүн салттуу жана заманбап формалары Фергана өрөөнүнүн социалдык-маданий контекстинде комплекстүү талдоого алынды. Жүргүзүлгөн анализ көрсөткөндөй, адилеттүүлүк универсалдуу философиялык категория болгону менен, анын конкреттүү мазмуну ар бир коомдун тарыхый тажрыйбасына, баалуулуктар системасына жана социалдык түзүлүшүнө түздөн-түз көз каранды.

Салттуу коомдордо адилеттүүлүк формалдуу укуктук нормалар аркылуу эмес, салт, адат жана каада сыяктуу жазылбаган эрежелердин негизинде ишке ашары аныкталды. Бул система жамааттык жоопкерчиликке, моралдык баалуулуктарга жана социалдык гармонияны сактоого багытталган. Анын практикалык көрүнүштөрү катары аксакалдар институту, махалла системасы жана бейформал жамааттык чечим кабыл алуу механизмдери каралды. Эмпирикалык материалдар көрсөткөндөй, мындай институттар бүгүнкү күндө да өз актуалдуулугун сактап, жергиликтүү деңгээлде адилеттүүлүктүн эффективдүү формасы катары иштеп келүүдө.

Ошол эле учурда салттуу адилеттүүлүк системасынын идеалдаштырылышы негизсиз экени да белгиленди. Анын ичинде субъективдүүлүк, социалдык иерархияга көз карандылык жана айрым учурларда адам укуктарынын жетишсиз корголушу сыяктуу олуттуу чектөөлөр бар. Айрыкча гендердик теңсиздик жана жамааттык басым факторлору бул системанын универсалдуу адилеттүүлүк принциптерине толук шайкеш келбестигин көрсөтөт.

Глобалдашуу шартында адилеттүүлүк түшүнүгү олуттуу трансформацияга дуушар болуп жатканы аныкталды. Формалдуу укуктук системалардын күчөшү, эмгек миграциясы, ошондой эле мамлекеттер аралык саясий процесстер салттык адилеттүүлүк моделинин мазмунун өзгөртүүгө алып келүүдө. Фергана өрөөнүнүн мисалында бул трансформация өзгөчө татаал мүнөзгө ээ болуп, салттык, улуттук жана глобалдык адилеттүүлүк түшүнүктөрүнүн өз ара кагылышы аркылуу жүрүүдө. Айрыкча чек ара жана ресурс маселелеринде “адилеттүүлүк” категориясы саясий аргументке айланып, ар түрдүү интерпретацияларга ээ болору аныкталды.

Изилдөөнүн жыйынтыгында салттык жана заманбап адилеттүүлүк системаларынын ортосундагы мамиле карама-каршылыктуу, бирок ошол эле учурда өз ара толуктоочу мүнөзгө ээ экени негизделди. Салттык системанын социалдык легитимдүүлүгү жана жамааттык байланыштарды сактоого багытталгандыгы анын күчтүү жагы болуп саналса, заманбап укуктук системанын универсалдуулугу жана адам укуктарына негизделгендиги анын артыкчылыгын түзөт. Демек, бул эки моделди каршы коюу эмес, алардын рационалдуу интеграциясын камсыз кылуу негизги милдет болуп саналат.

Автордук позиция катары белгилөө зарыл: Фергана өрөөнү үчүн адилеттүүлүктүн эффективдүү модели салттык баалуулуктарды сактоо менен бирге, аларды сынчыл кайра карап чыгууга негизделиши керек. Айрыкча адам укуктарына каршы келген элементтер трансформацияланып, ал эми жамааттык ынтымакты сактоого багытталган механизмдер колдоого алынууга тийиш. Бул процессте “калыбына келтирүүчү адилеттүүлүк” концепциясы перспективдүү багыт катары каралышы мүмкүн, анткени ал салттык жана заманбап принциптердин ортосунда көпүрө түзүүгө жөндөмдүү.

Жалпысынан алганда, Фергана өрөөнүндө адилеттүүлүк түшүнүгүнүн эволюциясы бир багыттуу эмес, көп деңгээлдүү жана карама-каршылыктуу процесс болуп саналат. Бул процесс салт менен модерндүүлүктүн, локалдык жана глобалдык баалуулуктардын өз ара аракеттенүүсү аркылуу калыптанууда. Мындай шартта адилеттүүлүктүн туруктуу жана эффективдүү моделин түзүү үчүн философиялык рефлексия менен практикалык саясаттын өз ара байланышын тереңдетүү зарыл.

Изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, адилеттүүлүк маселесин түшүнүүдө универсалдуу теориялар жетишсиз болуп, конкреттүү регионалдык контекстти эске алуу өзгөчө мааниге ээ. Бул жагдай Фергана өрөөнү сыяктуу татаал социалдык мейкиндиктерде адилеттүүлүктүн жаңы, гибриддик формаларын изилдөөнүн актуалдуулугун дагы бир жолу тастыктайт.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР ТИЗМЕСИ


1. Аристотель. Сочинения: в 4 т. Т. 4. – М.: Мысль, 1983. – 830 с.
2. Braithwaite J. *Restorative Justice and Responsive Regulation*. – Oxford: Oxford University Press, 2002. – 224 p.
3. Dadabaev T. *Identity and Memory in Post-Soviet Central Asia: Uzbekistan’s Soviet Past*. – London: Routledge, 2017. – 218 p.
4. Ismailbekova A. *Blood Ties and the Native Son: Poetics of Patronage in Kyrgyzstan*. – Bloomington: Indiana University Press, 2017. – 224 p.
5. Kamp M. *The New Woman in Uzbekistan: Islam, Modernity, and Unveiling under Communism*. – Seattle: University of Washington Press, 2008. – 320 p.
6. Kuldysheva G., et al. Kyrgyz Customary Law Development // *Beijing Law Review*. – 2021. – Vol. 12. – P. 1–10.
7. Куркчиян М.М. Обычное право: социологический анализ. – М.: Норма, 2013. – 240 с.
8. Megoran N. *Nationalism in Central Asia: A Biography of the Uzbekistan–Kyrgyzstan Boundary*. – Pittsburgh: University of Pittsburgh Press, 2017. – 378 p.

9. Molla E., Kochkorova D., Ihnatiev V. et al. Study on the philosophical aspects of social justice and equality in modern society // *Discusiones Filosóficas*. – 2024. – Vol. 25, №45. – P. 15–47.
10. Open Society Foundations. *Informal Justice Systems: Charting a Course for Human Rights-Based Engagement*. – New York, 2011. – 95 p.
11. Rawls J. *A Theory of Justice*. – Cambridge, MA: Harvard University Press, 1999. – 538 p.
12. Reeves M. *Border Work: Spatial Lives of the State in Rural Central Asia*. – Ithaca: Cornell University Press, 2014. – 312 p.
13. Stevens D. *State-Building in Central Asia: Informal Institutions and Governance*. – London: Routledge, 2013. – 256 p.
14. Кыргыз Республикасынын мыйзамы. Аксакалдар соту жөнүндө: 2002-жылдын 5-июлу. № 113.
15. Кыргыз Республикасынын мыйзамы. Аксакалдар соту жөнүндө: 2024-жылдын 19-февралы № 52.
16. Equality // *Stanford Encyclopedia of Philosophy*. – URL: https://plato.stanford.edu/entries/equality/
17. Justice // *Stanford Encyclopedia of Philosophy*. – URL: https://plato.stanford.edu/entries/justice/ (
18. Distributive Justice // *Stanford Encyclopedia of Philosophy*. – URL: https://plato.stanford.edu/entries/justice-distributive/